| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын V-кезектүү сессиясынын**

**Токтому №9/1**

2025-жылдын 17-декабры Жаңы-Арык айылы

**Айыл-чарба багытындагы жер салыгына мораторий жарыялангандыктан жана транспорт салыгынын компенсациясы үчүн республикалык бюджеттен айыл өкмөтүнүн эсебине келип түшкөн 1436000 сом акча каражатын тармактарга бөлүү жөнүндө.**

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, айыл-чарба багытындагы жер салыгына мароторий жарыялангандыктан жана транспорт салыгынын компенсациясы үчүн республикалык бюджеттен айыл өкмөтүнүн эсебине келип түшкөн 1436000 сом акча каражатын тармактарга бөлүү боюнча, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн социалдык экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн убактылуу милдетин аткаруучу И.Орозбаеванын билдирүүсүн жана маалыматын угуп, айылдык кеңештин бюджет комитетинин сунушун талкуулап, Куйручук-Кызарт айылдык кенеши **токтом кылат:**

**1.** Айыл-чарба багытындагы жер салыгына мораторий жарыялангандыктан жана транспорт салыгынын компенсациясы үчүн республикалык бюджеттен айыл өкмөтүнүн эсебине келип түшкөн 1436000 сом акча каражаты төмөндөгүдөй тармактарга бөлүнсүн;

1) Айыл аймагында коюлган камераларга интернет кабелдерин тартуу үчүн-141330 сом;
2) Жарыктандыруу боюнча долбоорду түзгөн сметчиктин акысы үчүн-82905 сом;
3) Чолок,Жаңы-Арык каналдары боюнча долбоорлорду түзгөн сметчиктин акысы үчүн-277105 сом;
4) Жаңы-Арык айылындагы маданият үйүнүн капиталдык ремонтунун технадзорунун акысы үчүн-28398 сом;
5) Базар-Турук айылындагы ҮДТнын имаратынын капиталдык ремонтунун технадзорунун акысы үчүн-31062 сом;
6) Айыл аймагындагы "Дөөлөт", "Жаңы-Арык" каналдарынын технадзордун акысы үчүн-264066 сом;
7) Соц.объектилердин өрт коопсуздугунун кемчиликтерин жоюуга-216000 сом;
8) Өзгөчө кырдаалдарды алдын алууга-82700 сом;
9) Айыл аймагындагы кеңейтилген көчөлөрдүн жээгин ирээтке келтирүүгө-150000 сом;
10)Мектеп, бала бакчаларды жашылдандырууга жана көрктөндүрүүгө-162434 сом;

**2.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Жусуповго милдеттендирилсин.

**Төрага: Уланбек уулу Жыргалбек**